# МАРКСИЗМ ФИЛОСОФИЯСЫ ЖАНА АНЫН ЖАҢЫ АГЫМДАРЫ

**СООРОНБАЕВА Ч.К.,**
**КАНИМЕТОВ А.К.**

*Бул макалада марксизм идеологиясынын Орто Азияга жайылышы жана философиясы тууралуу маалымат берилет. Анда неомарксизм мектептери жөнүндө да айтылат.*

Бүткүл дүйнөгө, айрыкча Борбордук Азия, Россия чөлкөмдөрүнө Улуу Октябрь революциясынын «жарык таңы» марксисттик идеологиянын кулач жайышына чоң себепкер болду. Революциядан кийинки мезгилде марксисттик көз караштардагы теңдик, эркиндик, диктатура, коомдун эволюциялык жана революциялык жол менен өнүгүшү, коммунисттик партия жана мамлекеттик башкаруучулук, өткөн таптык коомду өзгөртүү, жаңыча курула турган коммунизм теориясынын негиздери орчундуу роль ойногон. Маркс өзү Батыш Европанын философу болсо да, фашисттик-милитаризмге каршы күрөш жүргүзүп, диалектикалык жана тарыхый-материализмдин концепцияларын иштеп чыккан. Карл Марксты, илимий-коммунизмди негиздөөчүсүн, 19-кылымдын 40-жылдарында адамзат тарыхында аң-сезимдүү өнүгүшкө объективдүү факторлору менен өзгөчө аты калган адамды азыркы динамикалуу коомдо кандайча сындап, баалап келебиз.

К.Маркстын философиясы бул жогорку классикалык деп аталган, адамзат акыл-эси, эстутум, таанымына революция жасаган немецтик атактуу окумуштуу И.Кант, Г.Гегель, Л.Фейербах, Шеллинг өңдүүлөр түзгөн немецтик философиялык мектепти жыйынтыктоочу фигура. Ал өзү немец болсо да анын философиялык көз караштары Европа өлкөлөрүндө гана эмес Индокытай, Алыскы Орто жана Борбордук Азия, Чыгыш өлкөлөрүнүн коомдук саясий жашоосуна да аралашып сиңе баштаган. Марксизм философиясында жалаң гана адам жашоосун, практика, талап-жоболоруна ылайыкташып, өз ара байланышты түзүү жөнүндө «дүйнө өзгөртүү» идеясын киргизип, философия пролетариаттардын өздүк куралына айланган. Улуу Октябрь революциясы жеңгенден кийин Кыргызстан чөлкөмүндө советтик бийликти орнотуу менен бекемдетүү үчүн тынымсыз күрөш, үгүт жүргүзүлө баштаган. 1918-жылдын жай айларында феодалдык көчмөн турмушту артка таштаган социализм куруунун зор агымы ОртоАзияны каптап кирет. Өзгөчө кыргыз жеринде ал учурда дагы деле орус падышачылыгынын колонизатордук саясаты таптакыр жоюлуп кете элек болчу. Көчмөндүк менен жашап келген азиялыктарда бай-манаптык система жакыр жашаган калкты жаңы мезгилдин курулушуна жолтоо болуп жаткан кез. Акырындык менен карапайым эл патриархалдык-феодалдык түзүлүштөн арылып, жаңыча жаңылык киргизүү саясий иштери жүргүзүлөт. Социализмдин идеологиясын талаа-түздө, жайлоо, конушта жашаган элдерге атайын боз үйлөрдү тигип, аларды «кызыл үй» деп атап, түшүндүрүү үгүт иштерин жолго коюшкан. Калыптанып калктын аң-сезимине орноп калган айрым бир бай-манаптар өз кызыкчылыгы үчүн каада-салттарга тыюу салып, улуттук айрым ырым-жырымдарды да тескеп баштаган. Бирок эркин конуп, эркин жашап, табигат менен жуурулушуп, өзүнүн көз караштарын, оюн, түшүнүгүн, турмуштук билимин, натуралисттик көз карашын тереңден багып келген кыргыз эли жеңилдик менен баш ийип берген жок. Тыкандык менен эл арасында большевиктердин уюмдары саясий окууларын жөнгө салып, калыптандырып, дайыма калк үчүн кам көрүүгө өткөн. Марксизм идеологиясы түрдүү иш-чаралар аркылуу азия элдерине жетип турган. Айрыкча ал мезгилдин жаш атка минерлери чү дегенде эле «партия», «Ленин», жөнүндө ырларды жаттап, алардын сүрөттөрүнө өзгөчө урмат менен карашып, акаарат айтпастан, баштарын ийип бийик тутуп келишкен. Коммунисттердин алдыңкы мүчөлөрү К.Маркс, Ф.Энгельс, В.И.Ленин тууралуу түшүнө албаган элдин жүрөгүнө жеткирип, аң-сезимине таасирленте тургандай сөздөр менен айтып келишкен. Кыргыздар революцияга чейин көчмөндүк мүнөздө күн өткөрүп келишкендиктен «буржуазия», «өкмөт кеңеши», «совет», «марксизм» өңдүү сөздөр өтө эле чоочун болгон. Бирок буржуазиялык улутчулдар көчмөн калктардын аң-сезимине сиңип кире элек жаңы коомдун сөздөрү, тартиби, этикасы жана талабы менен Октябрь революциясынын шарданына кошулуп, бир капталдан «жарык

таңы атса», бир капталдан тымызын элди «муунта» баштаган. Ал учурдагы алсыз, арткы региондордордо курулуш, чарбачылык, өндүрүш жагы дээрлик жок болгондуктан падышачылык колониянын административдик аппаратынын күчү ушундай шартта торун жайып турган эле. Идеология үчүн Орто Азия элдери материалдуу өндүрүш үчүн булак катары пайдаланылган. Марксизм идеологиясын кеңири масштабда таратуу үчүн бир нече принциптерди кыйшаюсуз аткарган. Пролетариаттардын диктатурасы акырындап тереңдеп, анын органдары аткаруу кеңештери ОртоАзиянын улуттук райондоруна орной баштаган. Жергиликтүү калк массасы менен жумушчу классынын ортосундагы союзду бириктирип, мурдагы падышачылыктын теңсиздик, аёосуз башкаруучулугун толугу менен жок кылып, баардык элдерди бирдейликке чакырган. Марксисттик идеологиянын акыйкаттуулугун даңазалаган үгүтчүлөр, партия иштермандары, теоретиктер зор салым кошушкан.

К.Маркстын философиялык теорияларын, экономикалык окуусун, идеологиясын басма сөз беттеринде байма-бай жарыялап, тааныштырышкан. Коомдук-саясий проблемалар атайын чыгарылыштарда эмес, илимий-популярдуу басмаларда жарык көргөн. Ай сайын жарыкка чыккан адабий-көркөм жана илимий-популярдуу «Новый мир» («Жаңы дүйнө»), «Спутник коммуниста» («Коммунист спутниги») журналдарында теориялык жана философиялык макалалар чыгып турган. Бул жылдарда материалисттик дүйнөгө болгон көз карашсыз, үгүт иштерисиз бир дагы күн, бир дагы саат жылчу эмес. Марксизм идеологиясынын философиядагы жетишкендиги анда материализм менен диалектиканы бириктирип негиздеген. Маркска чейин немец окумуштуусу Г.Гегель «обьективдүү идеализм» деп атаган абсолюттуу идея, рух акыл-эстин ишмердүүлүгүн, активдүүлүгүн, ой-жүгүртүү мүмкүнчүлүгүн дүйнө негизи деп алган. Ал эми Маркс болсо нерселердин да диалектикасын ачып, ал эми түшүнүктөрдүн, идеялардын диалектикасы адамдын аң-сезиминдеги объективдүү дүйнөдөгү чагылдыруу экендиги тууралуу каршы көз караштı айткан. Марксизм философиясы коомдук-экономикалык жашоого да акцент жасап, материалдык өндүрүш база сферасына басым койгон. Марксисттик идеянын талылуу жери ал жеке менчикти түп-тамырынан бери жок кылуу болгон. Жеке менчик, К.Маркстын ою боюнча, - коомдун жакырланышына алып келе турган жол деп эсептеп, теңдиктин болгондугун далилдөөгө аракеттенген. «Акыл-эстүү коом менен акыл-эстүү мамлекетте» жашаган баардык адамдардын укугу бирдей, баардык социалдык мүмкүнчүлүктөргө ээ боло алат. Ал эми мындай коммунизм жашоосуна жаңы социалдык коомдо социалисттик революция аркылуу жетишүүгө болоорун баса айткан. Маркс өзүнүн философиялык ачылышында ал адамдын практикасы жөнүндө, т.а. материалдуу, предметтик, сезимтал, толук максаттуу ишмердүүлүк аркылуу жалпы табигый жана коомдук дүйнөнү, ал гана тургай адам өзүн-өзү өзгөртө турган иш-аракет тууралуу көз караштарды белгилеп өткөн. Практиканын эң жогорку чеги болуп коомдук мамилелерди өзгөртө турган революция жолу болгон. Ал эми философиянын теорияларын ишке ашыра турган пролетариаттардын жана эл массасынын негизги рычагы болуп революциялык практика эсептелет. Марксисттик философиянын негитивдүү жагдайы болуп анын атеисттик көз карашы, илимдин, философиянын жетишкен чегинде, француз материалисттери, агартуучулары, немец философу Л.Фейербахка таянып, динди жокко чыгарат. Динге карата «адамдардын башын айлантуучу апийим» деп атап, өзүнүн саясий-философиялык көз карашын бүтүндөй Орто Азия, Чыгыш өлкөлөрүнө чейин таңуулаган. Социализмдин чыныгы практикасы канчалык жанталашып марксизм идеясын ишке ашырбасын, пролетариаттардын диктатурасы жана анын улантуучу, насаатчыларынын аракеттери тоталитардык режимге алып барган. Акырындап отуруп марксисттик философия атайын диалектикалык жана тарыхый материализмдин философиялык окуусуна, а марксизмдин өзү болсо коммунисттик жана социалисттик катехизиске айланып калды. Батыш өлкөлөрү болсо марксизм окуусун негиздүү деп кабыл алышкан эмес, тескерисинче, марксизм эволюциясынан европалык социалдык-демократиялык эволюция жаратышкан. Социалдык сындык мүнөзгө ээ болуп, марксизм идеологиясы Батыштын мамлекеттик идеологиясына айлана алган эмес. 20-кылымдан баштап «реалдуу социализм» жана «марксисттик-лениндик» идеологияга каршы

турган капиталисттик мамилелер коштогон Батыш өлкөлөрүндө «жаңы марксисттик агымдар» пайда боло баштаган.

Алардын бири «диалектикалык-гуманисттик», экинчилери «сциентикалык» багыт болуп бөлүнүшкөн. Марксизм идеясына негизделип, мезгилине жараша коштолуп пайда болуп, өзгөртүлгөн мектептери:

1. Франкфурт мектеби – негиздөөчүлөрү Г.Маркузе, Т.Адорно ж.б.;
2. Марксизмдин социалдык проблемасын изилдешкен фрейдомарксизм мектеби – В.Рай, Э.Фромм ж.б.;
3. Маркстын эмгектерин реабилитациялап, жаңы гегелдик диалектиканын, феноменологиянын элементтерин түшүндүрүүгө багытталган экзистенциалисттик марксизм багыты;
4. Америка Кошмо Штаттарында жана Италияда пайда болгон феноменологиялык марксизм мектеби;
5. Экзистенциалисттик-гуманисттик будапешттик марксизм мектеби;
6. «Позитивдик деформация» деп аталган эркиндик менен детерминизмди карама-каршылыктуу көз караштагы югославиялык багыт;

Жаңы мезгилдеги жаңы марксисттик багыт (неомарксизм) марксизм идеологиясына өз кучагын жайып аракет кылып, түбөлүк идеологияга айланууга аракет жасабасын, коомдо илимий негизи өсүп жете албаган деп эсептешет. Ошентип, жетимиш үч жыл бою бүтүндөй СССР державасынын башын мыкчып, баш көтөртпөй, айтылган идеясын кыйшаюусуз аткарган марксисттик-лениндик «улуу окуулар» мезгилине жараша сынын алып, 20-кылымдагы адамзаттын алдындагы догмаларынын каталарынын оң-терс жагын баалап жатат. Демек, марксизм бул философиялык, экономикалык, социалдык-саясий доктрина, бир жарым жүз жылдыкта адамзатка зор таасирин тийгизген окуу болуп саналат.